# ИЛИМДИН БАБА ДЫЙКАНЫ

**КАРЫМШАКОВ САНАРБЕК**
*фил.ил.канд., доцент, Х.Карасаев ат. БГУ*

Качкынбай Артыкбаев университетке кызматка келгенге (1967) чейин эле кыргыз жергесине адабий сынчы жана публицист катары таанылып калган.Студент кезинде “Алыкул Осмоновдун жаш акындарга тийгизген таасири” деген көлөмдүү макаланы “Ленинчил жаш” гезитине жарыялап, “Алыкул Осмоновдун чыгармаларындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери” деген дипломдук ишин “эң жакшыга” коргой да, аны 1957-жылы “Ала-Тоо” журналына жарыялап,кыргыз адабий сынына интелектуалдуу, жөндөмү мол жаш автордун келатканын кабарлаган.Ал эми 1956-жылы “Ленинчил жаш” гезитинде бөлүм башчысы болуп иштей баштаганда эле гезиттин редактору Ш.Бейшеналиев менен бирге кыргыз элинин маданий мурастары жөнүндөгү эң керектүү талкууну уюштуруп,коом турмушундагы олуттуу маселелерди убагында көтөрүп, коомчулуктун пикирин түзө билген публицист экендигин да көрсөтө алган.

1962-жылы “Чалгын” деген ат менен адабий сын макалалар жыйнагын жарыялап,кыргыз адабий сынчыларынын ичинен биринчи болуп жеке автордун адабий сын жыйнагын чыгаруу ишин баштаган. Чыгаан философ,жалындуу публицист Асанбек Табалдиев менен бирдикте Кыргызстандан чыккан Улуу Ата Мекендик согуштун баатырлары жөнүндө тарыхый публицистикалык очерктеринин циклдерин 50-жылдардын экинчи жарымы,60-жылдардын башында гезит-журналдарга жарыялап,1965-жылы “Баатырлар сымбаты” аттуу китепти жарыкка чыгаруу менен,бул багытта алгачкылардан болуп чыйыр салышкан. “Ала-Тоо” журналында адабий сын бөлүмүн башкарып турганда К.Артыкбаев 1960-жылы чыккан “Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки” аттуу изилдөө китебине талкуу уюштуруп,бул эмгектин көптөгөн кемчиликтеринин ачылышына жана кыргыз адабиятынын көптөгөн маселелерин обьективдүү түшүнүүгө көмөктөш болгон.1960-жылдан К.Артыкбаев “Кыргызстан” басмасында көркөм адабият редакциясын башкарып,басманын кайнаган кызматында жүрсө да,сырттан окуган аспирантурага кирип, “Аалы Токомбаевдин акындык чеберчилиги жана анын “Таң алдында романы” деген темадагы кандидаттык диссертациясын мөөнөтүнөн мурда 1966-жылы жактап,филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болот да,ошол эле жылы “Изденүүлөр жана табылгалар” аттуу монографиялык эмгегин,анданмурдараак,1964-жылы “Байчечекей” аттуу ыр китебин жарыкка чыгарууга үлгүрөт. Н. Байтемировдун “Табылган дептер” повести жөнүндө “Жагымсыз ойлор, жасалма образдар”, А.Саспаевдин “Сарала ит”, Т. Акматовдун “Күн болбой куруп кал”аттуу аңгемелери тууралуу “Күн менен сарала итте эмне айып?” өңдүү курч адабий сындарды гезиттерге жарыялап, адабий талаш-тартыштардын чордонунда жүргөн. Ал кездеги жаш жазуучулар С. Жусуев, Б. Сарногоев, А.Молдокматов, К.Осмоналиев, К.Жапаров, Ж.Тынымсейитова, А. Дыйканбаев өңдүүлөрдүн жана Р.Шүкүрбековдун, А.Бердибаевдин чыгармаларындагы жакшы баштамаларды көрө билип, чыгармачылык колдоого алуу менен алардын, туура багытта өсүүлөрүнө көмөктөш болгон. Басмада иштеп жүргөндө Ч. Айтматов, А. Токомбаев, К. Баялинов, А. Осмонов, К. Акиев, К. Досуев, Ы. Борончиев, Т. Шабданбаев, А. Бердибаев ж.б. баштап, кийинки жаңыдан китебин чыгарууга аракеттенген жаш жазуучулардын кол жазмаларын редакторлоого жана бардык көркөм чыгармалардын сапаттарын текшерип, аныктоого чейин активдүү катышып, басма ишине эбегейсиз зор эмгек сиңирген (жылына 800-1000 басма табак көлөмүндөгү китептердин сапаттарын текшерип, редакция башчысы катары кол коюп, жоопкерчиликти аркалоонун өзү эле чоң эмгек) эмеспи.

Ошентип, 1967-жылы Кыргыз мамлекеттик университетине ага окутуучу катары кызматка жөнөтүлгөнгө чейин К. Артыкбаев жогоруда азыраак баяндалгандай, такшалып, илимпоз адабиятчы, сынчы жана акын катары таанылып калган эле. Кыргыз адабияты

кафедрасына ага окутуучу болуп орношкондон тартып, ал “Адабият таануу илимине киришүү”, “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” сыяктуу орчундуу лекциялык курстардан сабак өтүүнү колго алып, бир жылга жетип-жетпей адабий сын, адабий изилдөөлөрдөн турган “Ар түрдүү издер” китебин, “Тоолор менен сырдашуу ” аттуу ырлар жыйнагын чыгарып, активдүү, жемиштүү иштөөнүн үлгүсүн көрсөткөн болчу. Ага окутуучу, доценттин милдетин аткаруудан тышкары 1970-74-жылдары университеттин филология факультетининин деканы болуп иштеп, бир эле учурда “Сын сапары” (1970), “Чыгармалар жана ойлор” (1974) аттуу адабий сын, адабий издөөлөрдөн турган китептерин, 1975-жылы “Жаркын өмүр” ыр китебин жана көптөгөн адабий сын макалаларды жарыялап, эмгекчилдиктин темпин андан ары күчөткөн.

1967-жылы “Кыргызстан маданияты” гезити жаңыдан чыга баштаган кезде анын 1-санына жарыяланган К. Артыкбаевдин “Адабиятыбыздын алгачкы башатына көз чаптырсак” деген макаласын өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Анткени, бул макалада автор кыргыз адабиятынын тарыхын Токтогул, Т.Молдодон гана баштоо менен чектелбей, байыркы Орхон-Енисей таш жазууларындагы адабийй мурастардан баштоону, андан бери карай орто кылымда өз жерибизден чыккан улуу бабаларыбыз Жусуп Баласагын , Махмуд Кашкаринин “Кутадгу билиг”, “Дивани лугат-ат түрк” эмгектирин үйрөнүү менен Жеңижок, Эшмамбет, Казыбек, Молдо Нияз сыяктуу 20дан ашуун акындарыбыздын чыгармаларын иликтеп, кыргыз адабиятынын тарыхына киргизүүнү, бир сөз менен айтканда, кыргыз элинин байыртадан берки адабият тарыхы бар эл экенин көрсөтөөнү сунуш кылган. Өзгөчө, бул макаладагы Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкариге байланыштуу ойлор кызуу талкууну жаратып, жарым жылдан ашуун гезит бетинде жүргөн талаш-тартыштар жалпы окурмандардын көңүлүн бурган болчу. Ал талкууда айрым авторлор Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашкаринин кыргыз элине тиешеси жок деген пикирлерди айтышса (А. Абдылдаев, Б. Аманалиев, Н. Назаралиев), көпчүлүк авторлор (Т. Сыдыкбеков, Ж. Таштемиров, Ө. Караев, З. Белекова ж.б.) К. Артыкбаевдин ой-пикирлерин колдоп чыгышкан.

1973-жылы К. Артыкбаевдин“Адабият таанубуздун актуалдуу маселеси” (кыргыз совет адабиятында социалисттик реализдин жаралышы жөнүндө)” деген көлөмдүү макаласы “Ала-Тоо” жураналына жарыяланып, бул макала да чоң талкууга айланып, көптөгөн адабиятчылар аталган маселе боюнча өздөрүнүн көз караштарын айтышып, адабий өнүгүшүбүздүн мыйзам ченемдүү процессин туура түшүнүүгө көп жагынан жагымдуу кырдаал түзүлгөн. Ал эми ошол эле 1973-жылы “Кыргызстан маданияты” гезитине жарыяланган автордун “Айтуучубу же жаратуучубу?” деген макаласы да кызуу, талаш-тартыштарды туудуруп, кыргыз эпосторунун өздүк варианттарын жараткан эң талантуу төкмө акындарды жалаң эле айтуучу (даяр тексттерди үйрөнүп айта бергендер) деп мүнөздөө алардын талантын туура баалабагандыкка жатар эле деген олуттуу маселе тууралуу ойлонтууга мажбур кылган.

Кыскасы, 1976-жыл өзү иштеген кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы болуп шайланган К. Артыкбаев республикага кеңири таанылган илимпоз адабиятчы, адабий сынчы, дасыккан устат-педагог катары кафедранын ишин колго ала баштайт.Мына ушул мезгилден бери үзгүлтүксүз, активдүү иштеп, элибиздин маданиятынын өнүгүшүнө эбегейсиз зор эмгек сиңирип, басма сөз менен журналистииканын жаңыланып, ар түрдүүлөнүшүнө бараандуу салым кошуу менен, адабият таануу илимин жаңы бийиктикке көтөрүп, жалындуу публицст жана акын катары таанымал болгон.

Республикадагы жападан жалгыз “улуттук”деп аталаган университетке Жусуп Баласагындан атын койдуруу тарыхын эске салып көрөлү. Университетке Жусуп Баласагындан атын койдуруу демилгесин К. Артыкбаев көтөрүп, бул маселенин ишке ашышы үчүн баш-аягы 35 жыл күрөш жүргүзүгөнү азыркы интеллигент замандаштардын көпчүлүгүнө белгилүү болуп калды. Бир караган адамага тигил же бул тарыхый инсандын атын тигил же бул көчөгө, мектепке, жогорку окуу жайына же жерге, айылга коюу иши күндөлүк көнүмүш иш сыяктуу кабыл алынышы да мүмкүн.

Жусуп Баласагындын атынын улуттук университетке коюлушунун өзүн айтып отурса өзүнчө эле чоң тарых. 35 жылдык бул тарыхты эгерде бир ышкыбоз таланттуу жазуучу колго алса, аны өзүнчө бир кызыктуу роман кылып жазар эле да, анын башкы каарманы К.Артыкбаев болор эле. Адегенде, жогоруда бир аз эскертилгендей, 1967-жылы К. Артыкбаев кыргыз адабиятынын тарыхын байыркы Орхон-Енисей таш жазууларындагы адабий мурастардан баштоону кыргыз адабият таануу илиминде биринчи болуп козгоп, анан орто кылымдагы бабаларыбыз Жусуп Баласагындын жана Махмуд Кашкаринин адабий мурастарын үйрөнүү менен улантууну сунуш кылганда ага айрым авторлор каршы чыгып, ал бабаларыбыздын кыргызга эч тиешеси жок деген талаш-тартыштардын кызуу талкууга айланган. Ошентип, өз бабасын тааный албай жаткан кыргызга бабасын таанытуу процесси өтө татаал жана кооптуу болгондугу (бул жерде ал кездеги бийлик ээлеринин кыргызда мурда жазма болгон эмес деп, Жусуп Баласагындын дастаны өңдүү жазуу түрүндөгү адабий эстеликтерге кол шилтеп койгон кырдаалды түзүшү, жазма болгон дегендерди БКга чакырып, суракка алып, жабыр тарттырган кырдаал жана башка кысымдардын күч алышы сыяктуу жагдайлардын болгондугун да эскерте кетели), ошондой кырдаалдарга, кысымдарга чыдап, күрөштү уланта берген К. Артыкбаевдин аракеттери, анан кайра куруу, ачык айтуу саясаты күчөгөн кезде Жусуп Баласагындын атын улуттук университетке койдуруу демилгесин көтөрүп, коллективге кол койдуруп, гезитке жазып чыгышы, ал эми эгемендүүлүккө жеткен учурда (1991-жыл) университетке Касым Тыныстановдун атын койдурабыз деп чоңдордон келип, университеттин жамаатынын чоң чогулушуна маселе койдурушканда К. Артыкбаев ошондо үч жолу чыгып сүйлөп, элди ынандырып, университетке Жусуп Баласагындан атын койдурууга жетишкендиги, ал үчүн К. Тыныстановду жактоочулар тарабынан көп душмандарды тапкандыгы, кийин ал душмандардын бийликте тургандарынын бири К. Артыкбаевди мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын курамынан эч себепсиз чыгартып таштап, өч алышы, ошого болбой 13жыл бою 4-5премьер-министрге кирип, гезитттерге кайра-кайра жазып (коллективдүү түрдө жана жеке автор түрүндө), көптөгөн чоң чогулуштарда сүйлөп, 2-3 ректорго жаман көрүнүп, (арызчы катарында) акыры президентке жазып, анан ректор А. Какеевдин колдоосу менен улуттук университетибизге Жусуп Баласагындын атынын 2002-жылы коюлушу айта койгонго жеңил болор, бирок ушунча көктүк, өжөрлүк менен күрөш жүргүзүүдө К. Артыкбаевдин аракетинде эмне деген чыдамкайлык, эмне деген чоң эрдик жатат!

Же болбосо К. Артыкбаевдин мамлекеттик тилибиздин маслелерин көктөрүп, 15 жылдай жүргүзгөн күрөшүн алып көкрөлү. Бул маселе боюнча 20дан ашуун курч публицистикалык маклаларды жарыялап, бийликтен жалтайлабай ой-пикирлерди, сунуштарды түз бетке айытып кыргыз тилин үй тили болуп турган абалынан куткарып, малекттик тилдин деңгээлине жеткирүүнүн жолдорун ачып, так көрсөтүп, анан “Мамлекеттик тилдин маселелери” деген китепти жазып чыгаруу аны бөлөк кыргыз филологдорунан бөлүп, алдыңкы катарга алып чыккандыгы азыр талашсыз чындык болуп калды, тагыраак айтканда, лингвист филологдор жазбаган китепти адабиятчы филологдун жазып жарыялап коюшу чынында лингвисттердин намысына тиер иш болду десек, эч кандай аша чапкандык болбос эле.

Эми кафедра башчысы катары республиканын жогорку окуу жайларын жана орто мектептерин өркүндөтүү багытында ишке ашырган көптөгөн маселелеринин ичинен 1-2 гана мисалга кайрылып көрөлү: 1987-жылы К. Артыкбаев “Кыргызстан маданияты” гезитине “Жаңы программа жакшыбы?” деген макаласын жарыялап, анда орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун бир катар мааанилүү маселелерин козгоп, ошолордун ичинен мисалы, Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашкаринин адабий мурастарынан окуу программасына киргизүүнү сунуш кылып, анан педагогика институту менен министрликте өткөн чогулуштарда ал сунуштарын ар татаптан негиздеп сүйлөп, акыры ошондон баштап, аталган улуу бабаларыбыздын мурастары орто мектептердин программасына киригизилип, окутулуп келүүдө.

К. Артыкбаедин байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз адабиятын, ошондой эле кыргыз фольклору менен Кытайдагы кыргыздарлын эл оозеки чыгармачылыгын жана жазма адабиятын жакшы билген универсалдуу билими анын үзгүлтүксүз кеп-кеңештерди айтып, типтүү окуу программаларынын туура, мазмундуу түзүлүшүнө көп жагынан жакшы багыт берип келгендиги азыр талашсыз чындык. Анын үстүнө пргограммалардын көпчүлүгүн түзүүгө өзү катышып, бул жагынан да кафедара башчысы катары айырмалана алды. Алсак “Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы”, “Акындар чыгармачылыгынын тарыхы” сабактарынын окуу программаларын проф. А. Абдразаков менен бирдикте, “Адабият таанууга киришүү” сабагынын программасын доцент С. Карымшаков менен бирге, “Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адбияты” сабагынын окуу программасын филология илимдердин кандидаты Н. Турдубаева менен бирге, ал эми 1-курстан 5-курска чейин өтүлө турган “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” аттуу чоң лекциялык курстун типтүү окуу программасын К. Артыкбаев жалгыз өзү түзгөн. Булардан тышкары К. Артыкбаевдин консультанттык көмөгү менен проф. С. Закиров, Н. Турдубаева “Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы”, проф. С. Карымшаков менен проф. К. Байжигитов “Кыргыз адабий сынынын тарыхы”, проф. Абдыразаков, доц. К. Жумалиев “Манас таануу ” сабактарынын типтүү окуу программаларын, эл эми проф. К. Байжигитов, ага окутуучу Ш.Айтбаева фольклордук практиканын программасын түзүштү. Мына бул жогоруда аталган типтүү окуу программалары көп жылдарга чейин жогорку окуу жайларынын филология факультеттери үчүн билим берүүнүн негиздери болуп кызмат аткара бермек.

Бул жерде мына муну баса белгилей кетүү өтө орундуу болор эле: К. Артыкбаев көп жылдар бою (1958-жылдан бери) Кытайдагы кыргыз жазуучулары, илимпоздору менен тыгыз байланышта болуп, алардын чыгармаларын Кыргызстанга жайылтып, пропагандалап, мунун акыры улуттук университеттин филология факультетинин студенттери үчүн “Кытайдагы кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы жана адабияты” деген чоң лекциялык курсту киргизүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түздү. Албетте, мунун өзү да окуу процессине К. Артыкбаедин кошкон дагы бир орчундуу жаңылыгы болду.

Жогорку окуу жайларынын филология факультеттерин, орто мектептерди кыргыз адабияты боюнча окуу китептери, окуу куралдары менен камсыз кылуу боюнча кыргыз адабияты кафедрасынын мурдатан бери келаткан жакшы салтын андан ары улантып, жаңы бийиктикке көтөрүп, бул жагынан К. Артыкбаев башкарган кыргыз алдабияты кафедарсы өрнөктүү иштерди аткарып келген. 1982-жылы жарыкка чыккан “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” окуу китеби жогорку окуу жайларына арналган алгачкы окуу китеби болуп, муну жалгыз өзү жазып, бир чоң коллективдин же институттун иштей турган ишин жалгыз өзү аткарып, сапаттуу окуу китебин жараткан авторго ыраазычылык билдирген пириклер басма сөздөрдө көп жарыяланып, акыры бул окуу китеби менен “А. Токомбаевдин акындык чеберчилиги” жана “К. Маликовдун чыгармачылыгы” окуу куралдары үчүн К. Артыкбаевдин Мамлектттик сыйлыктын лауреаты болушу кафедра үчүн гана эмес, жалпы унверситет үчүн да чоң сыймыктуу жетишкендик болгон эле. Практик мугалим Бектур Исаков менен бирге түзгөн орто мектептердин 5-класстарына арналган “Биздин адабият” аттуу окуу китеби 1985-жылы республикалык жабык конкурста баш байгени жеңип алып, ошондон бери ал мыкты окуу китеби катары кайра-кайра басылып, колдонулуп келатат. К. Артыкбаев –орто мектептердин 11-класстары үчүн жарыяланып, колдонулуп келаткан “Кыргыз адабият” окуу китебинин да авторлорунун бири. Кыскасы, К. Артыкбаев –бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келаткан 23 окуу китеп,окуу куралдарынын, окуу программаларынын, 13 монография, адабий сын, адабий изилдөө китептеирини, 8 ыр китебинин,600гө жакын макалалардын, очерктердин автору болгон. Булардан тышкары ал түзгөн китептердин (А. Токомбаев, А. Бердибаев, А. Табалдиев, ж.Алыбаев, Бала Айылчы жана башкалардын жана которгон чыгармалардын (Жусуп Баласагын, Мырза Шафи,Р.Гамзатов, М. Миршакар ж.б.), редакторлогон китептердин тизмелерида бир кыйла арбын. Ошол эле учурда К. Артыкбаев ар жыл сайын

ондон кем эмес коомдук милдеттерди аткарып, бул жагынан да өтө активдүүлүктү, иштиктүү ишмерликти көрсөтүп жүргөнүнө көп жылдардан бери өзүбүз да күбө болуп келдик. Баарын болбосо да, алардын айрымдарын атай кетсек, сөз жеткиликтүүрөөк болор. Кыргыз мамлекеттик (азыркы улуттук) университетинин алдында докторлук диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн адистештилиген кеңештин окумуштуу катчысы, "Кыргызстан маданияты" гезитин реакциялык коллегия мүчөсү, Президенттин карамагындагы Улуттук аттестациялоо комиссиясынын президиум мүчөсү, Бишкек шаардык аткаруу комитетинин алдындагы топонимика жана эстеликтерди коргоо комиссиясынын, КР УИАсынын тил жана адабият инстututунун окумуштуулар кеңешинин, КР Өкмөтүнүн карамагындагы мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын, "Кыргыз тили" коомунун президиумунун, "Кыргызстан", "Адабият" басмаларынын редакциялык кеңештеринин, Кыргыз улуттук университетинин, кыргыз филология факультетинин Окумуштуулар кеңешинин, КР илим жана техника жагындагы Мамлекеттик сыйлактарын ыйгаруу комитетинин мүчөсүж.б.

Ушунчалык көп милдеттерди жана кафедра башчысынын түйшүктөрүн бүт аткарып, анан жогоруда аталган көптөгөн эмгектерди жаратып, ага кошумча аспиранттарга, изденүүчүлөргө илимий жетекчиликти ишке ашырып,көптөгөн эл аралык, республикалык илимий конференцияларга эң эле көп баяндамаларды жасап, бардык жагынан алдыда болуп, кафедра мүчөлөрүнө гана эмес, көптөгөн адамарга үлгү болуу кудрети баардык эле кафедра башчыларынын колунан келип турбагандыгы айтпасак да түшүнүктүү го. К. Артыкбаев кафедра башчысы, илимий жетекчи катары таалим-тарбия берген кафедра мүчөлөрү К. Байжигитов, С. Искендерова, А.Калчаева,К.Абакировдор жана ошондой эле кафедра мүчөлөрү С.Закиров,Л.Үкүбаева жогорку окуу жайларына кафедра башчылары болуп иштеп жүрүштү.Ушул сөздөрдүн автору да Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасына башчы болуп иштей баштаганда К.Артыкбаевдин бай иш тажрыйбасынан таалим алгандыгынын пайдасын көрүп жаткандыгы үчүн дайыма ыраазылыгын билдирип жүрдү.

Көп жылдардан бери кыргыз тилин үй тилинен мамлекеттик тилдин деңгээлине көтөрүү үчүн күрөшүп,баалуу сунуштарды коомчулуктун алдына коюп жүргөн К.Артыкбаев мамлекеттик тилде мыкты жазылган илим жана техника жагындагы эмгектер,окуу китептери үчүн Мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу боюнча атайы орундардын болушун сурап, А.Акаевге кат жазып,ал сунуш колдоого алынып,президент өзүнүн мурдагы Указына өзгөртүүлөрдү киргизип,натыйжада 2000-жылы химия боюнча жогорку окуу жайларына арналып,мамлекеттик тилде жазылып жарыяланган окуу китептеринин цикли (жетекчиси Ү.Асанов),ошондой эле орто мектептер үчүн мамлекеттик тилде жазылган география боюнча окуу китеби (авторлор А.Исаев,А.Осмонов,Н.Бакиров)мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болду.Бул демилгени көтөрүүгө себеп болгон жагдайлар мындай болчу.Жогорку Кеңеш илим жана техника жагындагы иштерди орус тилинде жүргүзүү жөнүндө токтом кабыл алып,андан бир аз убакыт өткөндөн кийин депутат Б.Гогаев "Вечерний Бишкек" гезитине берген интервьюсунда кыргыз тили илим жана техника жагына колдонууга жарабайт,аны тарыхый кырдаалдар ошондой абалга алып келип койгон деп,кыргыз тилин кемсинткен ойду айткан.Мына ушул фактылар К.Артыкбаевди кыргыз тили илим жана техникага колдонууга сопсонун жарайт деп гезитке макала жазып,жооп берүүгө мажбурлаган.Андан кийин ал илим жана техника жагындагы Мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу комитетинин мүчөсү катары Президентке жогорку сунушун билдирген. Ошентип,иштин жыйынтыгында илим жана техника жагында колдонууга кыргыз тилинин жарай тургандыгы толук далилденип,ага шек келтиргендердин ооздору биротоло жап болгон.Эгерде К.Артыкбаевдин демилгеси болбосо,ансыз деле үй тилинин деңгээлинен көтөрүлө албай турган кыргыз тилинин илим жана техника жагындагы абалы дагы көпкө аянычтуу бойдон кала берет беле,ким билет...Илимпоз адабиятчы,сынчы,публицист жана устат педагог катары тоону томкоргондой чоң эмгек сиңирген кафедра башчысы

К.Артыкбаевдин тынымсыз мээнеттенген жемиштүү аракеттери өкмөт тарабынан да жогору бааланып, ал Ардак белгиси ордени,Даңк медалы,Эмгек ветераны медалы, 20 дан ашуун Ардак Грамоталар менен сыйланды. "СССРдин жогорку билим берүүсүнүн отличниги", "Кыргыз Республикасынын Элге билим берүүсүнүн отличниги" төш белгилери ыйгарылып, "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" наамына ээ болду.Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты,Жусуп Баласагын атындагы сыйлыктын лауреаты болду.К.Артыкбаевдин тоо томкоргон инсан экендигине анын 2003-2004-жылы жарыкка чыгарган эмгектеринин өзү деле ачык далил боло алат.Алсак 1. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. 2004, 65 басма табак. Билим берүү министрлиги жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби катары бекиткен. Бул мурда чейрек кылымга жакын колдонулуп келген 35 басма табак көлөмүндөгү "Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" окуу китебинин негизинде жазылган. Мурдагы китепке элүү жылдагы адабий өнүгүшүбүздүн тарыхы камтылса, бул жаңы окуу китебинде бир кылымдагы адабият тарыхыбыз баяндалган, тагыраак айтканда, мурда тыюу салынып келген материлдар алгачкы жолу камтылып (алар китептин теңине жакын көлөмүн түзөт), мурдагы тексттерге көптөгөн толуктоолор киргизилиген. Бир сөз менен айтканда, бул тарых "учтан түпкө" айтылып калуучу өтө зор фундаменталдуу эмгек. 2. Аалы Токомбаев (XX кылымдагы кыргыз жазма адабиятына негиз салуучунун чыгармачылык дүйнөсү жөнүндө). 2003, 24 б.т. Бул адабий изилдөө А.Токомбаевдин поэтикалык, прозалык, драматургиялык чыгармалары, адабий сын ишмердиги бүт бойдон кеңири талдоого алган, улуу жазуучубуз жөнүндөгү өтө зор эмгек болуп саналат. 3. Биздин адабият V класстар үчүн окуу китеби (Б.Исаков менен бирге), 28 б.т. Республикалык конкурста баш байгени жеңип алган бул окуу китеби 2004-жылы 4-жолу 50 миң нуска менен жарык көрдү. 4. Кыргыз адабияты.XI класстар үчүн окуу китеби (Авторлор менен бирге).-Б.: Бийиктик, 2004. Бул окуу китеби 2-жолу басылды. 5. Кыргыз адабияты кафедрасынын негизги сабактары боюнча К. Артыкбаевдин жетекчилиги менен 9 типтүү окуу программалары жазылып жарыяланды. (Ал жөнүндө жогоруда азыноолак сөздөр да айтылды). 6. Жусуп Баласагын тууралуу баян. Китепти түзгөн жана үчтөн бир бөлүгүнүн автору болгон К. Артыкбаев улуу ойчул акын бабабыз Жусуп Баласагынга бул китеп аркылуу дагы бир өчпөс чоң эстелик куруруга жетишти. 7. Дил сыры. Ырлар. Поэмалар. Котормолор.-Б.: Бийиктик, 2004,42,5 б.т. Бул китепке К. Артыкбаевдин негизги поэтикалык чыгармалары топтолуп, аяк жагына "Теңирге ачык кат" аттуу жаңы ыр китеби кошулган. Аталаган бир томдукту окуган окурман К. Артыкбаевдин поэтикалык той чабыты кеңири жана жан дүйнөсү назик акын экендигине дагы бир жолу ынанат.

Ал эми К. Артыкбаевдин көп кырдуу талант, көрүнүктүү илимпоз адабиятчы, сынчы экендигин акыйкаттык менен оң баалап, анын эмгектери жөнүндө газеталарга, журналдарга, китептерге жарыяланган макалалардан түзүлүп, 24 б.т. көлөмүндө 2004-жылы жарык көргөн "Качкынбай Артыкбаев " аттуу китеп анын сапаттуу эмгектенген, чаалыкпас инсан экендигин толугураак түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Кыргыз Республикасынын борбордук улуттук китепканасы "Биздин окумуштуулар" сериясы боюнча 2004-жылы чыгарган "Качкынбай Артыкбаев" деген библиографиялык көрсөткүчкө ал жарыялаган жана ал жөнүндө жарыяланган эмгектердин тизмелери камтылган. 8 басма табактан турган бул көрсөткүч-түшүнгөн адамга уникалдуу көрсөткүч, анткени мындай көлөмдөгү тизмелердин жыйнагы К. Артыкбаевлдин эбегейсиз көп эмгектенгендигин ачык көрсөтүп.

1958-жылдан журналисттер союзунун, 1962-жылдан жазуучулар союзунун мүчөсү катары калемин улам курчуткандан курчутуп, тынымсыз эмгектенип, жогоруда биз бир аз элестеткендей, көп тармактарда эбегейсиз чоң эмгек сиңирген К. Артыкбаевдин калтырып кеткен бай мурасы жөнүндө айтылчу сөздөр али дагы алдыда.